**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
2021-жылдын "___" ____________ № _______
буйругуна тиркеме

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**БАГЫТЫ: 530400 ТАРЫХ**

**КВАЛИФИКАЦИЯ: ТАРЫХ МАГИСТРИ**

**БИШКЕК -2021**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жогорку кесиптик билим берүүнүн «Тарых» 530400 багыты боюнча ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү билим берүү жаатындагы аныктаган тартипте башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, укуктуу мамлекеттик орган тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте бекитилген.

Бул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу «Тарых» 530400 багытында магистрлерди даярдоо боюнча кесиптик билим берүү программаларды ишке ашыруучу бардык жождор үчүн уюштуруучулук-укуктук формаларына карабастан милдеттүү болуп эсептелет.

**1.2. Терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар.**

Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана Кыргыз Республикасы жогорку кесиптик билим берүү жаатында белгиленген тартипте кабыл алган эл аралык келишимдерге ылайык терминдер жана аныктамалар пайдаланылат.

- негизги билим берүү программасы - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун жөнгө салуучу окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- даярдоонун багыты - ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу даярдоонун окшоштугунун негизинде интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- профили - негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объектиси;
- компетенция - белгилүү бир чөйрөдө натыйжалуу иштөөсү үчүн зарыл болгон студенттин билим даярдыгына алдын ала коюлуучу социалдык талаптар;
- бакалавр – магистратурага кирүүгө жана кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашырууга укук берген жогорку билим берүүдөгү квалификациялык деңгээл;
- магистр – аспирантурага жана (же) базалык докторантурага (PhD/ профили боюнча) тапшырууга жана кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашырууга укук берген жогорку билим берүүдөгү квалификациялык деңгээл;
- **кредит (зачеттук бирдик)** - негизги кесиптик билим берүү программасынын иш жүгүнүн шарттуу өлчөмү;
- окутуунун натыйжалары - негизги билим берүү программасы боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;
- теңдөө курстары - багыт боюнча магистрлерди даярдоодо негизги билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн талап кылынган базалык кесиптик билимге жана компетенцияга ээ болуу үчүн биринчи окуу жылында тиешелүү багыт (адистик) боюнча базалык билимге ээ болбогон студенттердин-магистранттардын өздөштүргөн дисциплиналары;
- **жалпы илимий компетенциялар** – кесиптик иштин бардык түрлөрү (же көпчүлүгү) үчүн жалпы болуп саналган мүнөздөмөлөрдү билдирет: окууга, талдоого жана синтез кылууга ж.б. жөндөмдүүлүк;
- инструменталдык компетенция – таанып билүү жөндөмдү, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана пайдалана билүү жөндөмдөрүн камтыйт; методикалык жөндөм, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, окуунун стратегияларын

түзүү, чечимдерди кабыл алуу жана проблемаларды чече билүү жөндөмү; технологиялык жөндөм, техниканы пайдалана билүүгө, компьютерди билүүгө жана маалыматтык башкарууга байланышкан жөндөмдөр; лингвистикалык жөндөмдөр, коммуникациялык копметенция;

- социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар – ой-сезимдердин жана мамилесин билдирүүгө, сын көз менен ой жүгүртүүгө жана өзүнө баа берүүгө байланышкан жеке сапаттар, ошондой эле социалдык өз ара байланыш жана кызматташу процесстерине, топтор менен иштеше билүүгө, социалдык жана этикалык милдеттенмелерди кабыл алууга байланышкан жөндөмдөр;
- кесиптик стандарт – кесиптик иштин конкретүү түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсыл уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүү болгон квалификациянын сапаттык деңгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.
- направление подготовки – совокупность образовательных программ для подготовки кадров с высшим профессиональным образованием (бакалавров) различных профилей, интегрируемых на основании общности фундаментальной подготовки;

**1.3. Кыскартуулар жана белгилөөлөр.**

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар колдонулат:

МББС - Мамлекеттик билим берүү стандарты;

ЖКББ - жогорку кесиптик билим берүү;

НББП - негизги билим берүү программасы;

ОМБ - окуу-методикалык бирикме;

НББП ДЦ - негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын цикли;

ЖИК - жалпы илимий компетенциялар;

ИК - инструменталдык компетенциялар;

КК - кесиптик компетенциялар;

СИЖМК - социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.

## 2. Колдонуу тармагы

2.1. Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - ЖКББ МББС) «Тарых» 530400 даярдоо багыты боюнча негизги билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү нормалардын, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы жана магистрлерди даярдоодо уюштуруучулук-усулдук документтерди иштеп чыгуу, лицензиясы же Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар, бардык жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү мекемелеринин (мындан ары - ЖОЖдор), уюштуруучулук-укуктук формаларына карабастан жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет.

**2.2.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн «Тарых» 530400 багыты боюнча ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын негизги пайдалануучулар төмөнкүлөр болуп саналат:

➢ жождордун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өздөрүнүн жождорундагы ошол багыт жана даярдоонун деңгээли боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алып, негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуу, натыйжалуу ишке киргизүү жана жаңылоо үчүн жооптуу адамдар;

- жождун ушул даярдоо багытындагы негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жоопту магистранттар;
- тийиштүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;
- Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин жогорку кесиптик билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышына контролду камсыз кылуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары;

уюмду жана билим берүү программаларды аккредитациялоону жүзөгө ашыруучу аккредитациялык агенттиктер.

**2.3. Абитуриенттердин даярдыгынын деңгээлине талаптар**

2.3.1. «Магистр» академиялык даражасын ыйгаруу менен жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли тийиштүү багыт боюнча «бакалавр» академиялык даражасы ыйгарылган же өз адистиги боюнча «адис» квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билим.

2.3.2. Абитуриенттин тийиштүү багыт боюнча «бакалавр» академиялык даражасы ыйгарылган жогорку кесиптик билими же "адис" квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документи болушу керек.

Тектеш багыттардын жана адистиктердин тизмесин ОМБ аныктайт.

## 3. Даярдоонун багыттарынын жалпы мүнөздөмөсү

3.1. Кыргыз Республикасында «Тарых» 530400 даярдоо багыты боюнча төмөнкүлөр ишке ашырылат:

- бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББП;
- магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББП.

Бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынан ийгиликтүү өткөн жождордун бүтүрүүчүлөрүнө «бакалавр» академиялык даражасы ыйгарылуу менен жогорку билими тууралуу диплом берилет.

Магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынан ийгиликтүү өткөн жождордун бүтүрүүчүлөрүнө «магистр» академиялык даражасы ыйгарылуу менен жогорку билими тууралуу диплом берилет.

Магистрлерди даярдоо багытынын алкагында ЖКББ НББП профилдери жож тарабынан квалификациянын (эгер болсо) тармактык/сектордук алкактарынын негизинде аныкталат.

3.2. Күндүзгү окуу формасындагы жалпы орто же кесиптик орто билими базасында «Тарых» 530400 магистрлерин даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүү 6 жылдан кем эмес, «бакалавр» академиялык даражасы ыйгарылган, жогорку кесиптик билимдин базасында 2 жылдан кем эмес ченемдик мөөнөттү түзөт.

Квалификация (бакалавр) ыйгаруу менен ырасталган жогорку кесиптик билим берүү негизинде магистрлерди даярдоодо күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан учурда ЖКББ НББП өздөштүрүү мөөнөттөрү жож тарабынан күндүзгү окуу формасындагы өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө салыштырмалуу жарым жылга узартылат.

"Адис" квалификациясын ыйгаруу менен ырасталган, толук жогорку кесиптик билимдин базасында магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПсын өздөштүрүү бир жылдан кем эмес мөөнөттү түзөт.

Бакалаврларды жана адистиктерди даярдоонун Тектеш эмес багыттар боюнча жогорку кесиптик билими бар абитуриенттер үчүн тиешелүү багыт боюнча магистрлерди даярдоонун ЖКББ НББП өздөштүрүү мөөнөтү базалык кесиптик билимин жана компетенциясын түзүүчү теңдештирүүчү курстарды өздөштүрүүнүн эсебинен билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтүнө байланыштуу жогорулайт.

Билим алуунун формасына карабастан жеке окуу планы боюнча окутууда окуунун мөөнөтүн ЖОЖ өз алдынча белгилейт.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды жеке окуу планы боюнча окутууда ЖОЖ мөөнөттүү билим алуунун тийиштүү формасы боюнча аныкталган убакытка салыштырмалуу узартууга укуктуу. Магистрлерди даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилейт.

3.3. Жалпы орто же кесиптик орто билими базасы менен күндүзгү окуу формасында магистрлерди даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы иш жүгү 360тан кем эмес кредиттерди (зачёттук бирдикти) жана «бакалавр» академиялык даражасы ыйгарылган, жогорку кесиптик билимдин базасында 120дан кем эмес кредитти түзөт.

Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы ЖКББ НББПнын иш жүгү 60 кредитти түзөт.

Бир окуу семестринин иш жүгү 30дан кем эмес кредитти түзөт (окуу процесси эки семестрлик болуп жүргүзүлгөн учурда).

Бир кредит (зачёттук бирдик) студенттин окуу ишинин 36 саатына барабар (анын ичине анын аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча негизги билим берүү программасынын, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан учурдагы иш жүгү окуу жылы үчүн 48ден кем эмес кредитти түзөт.

3.4. ЖКББ НББПнын инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатындагы даярдоонун «Тарых» 530400 багыты боюнча максаттары.

3.4.1. «Тарых» 530400 багыты боюнча ЖКББ НББПнын окутуу жаатындагы максаты төмөндөгүлөр болуп эсептелинет: бүтүрүүчүгө тандап алган ишмердүүлүк чөйрөсүндө анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногундагы туруктуулугуна өбөлгө түзүүчү универсалдуу жана предметтик-адистештирилген компетенциялары ийгиликтүү иштөөгө мүмкүнчүлүк берүүчү гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый илимдердин негиздерине даярдоо, жогорку профессионалдуу профилдеги (бакалавр деңгээлинде), терең профессионалдуу (магистр деңгээлинде), атайын кесиптик (адис деңгээлинде) билим алуу,.

3.4.2. «Тарых» 530400 даярдоо багыты боюнча ЖКББ НББПнын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты төмөнкүлөр:

Магистрлердин социалдык-инсандык сапаттарын калыптандыруу:

- максатка умтулгандык
- уюшкандык
- эмгекчилдик
- жоопкерчиликтүүлүк
- жарандуулук
- коммуникативдүүлүк
- толеранттуулук
- жалпы маданиятын жогорулатуу ж.б.

**3.5. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү.**

«Тарых» 530400 магистратурасын бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү төмөнкү мекемелерде иштөөнү камтыйт: жалпы билим берүүчү мекемелер, баштапкы, орто жана жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде, архивде, музейде; маданияттын башка уюмдарында жана мекемелеринде; эксперттик-анализ жүргүзүүчү борборлордо, маалыматтык-анализ жүргүзүүчү профилдеги коомдук жана мамлекеттик уюмдарда; массалык маалымат каражаттарында(электрондук да), мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, туристтик-экскурсиялык уюмдарда.

Бүтүрүүчүлөр кесиптик ишмердүүлүгүн, алардын билиминин жана алган компетенцияларынын деңгээли кызматкерлердин квалификациясынын талаптарына ылайык келген шарттарда кесиптик ишмердүүлүктүн башка чөйрөлөрүндө жана (же) тармактарында жүзөгө ашыра алышат.

3.6. Магистрлердин кесиптик иш объектилери:

- Баштапкы, орто кесиптик билим берүүчү жалпы билим берүү жана жогорку кесиптик билим берүү мекемелери;
- Билим берүү, илимий-изилдөө, маданий-агартуучулук, эксперттик-анализ берүү көйгөйлөрү менен алектенген эл аралык жана республикалык уюмдар;
- Ишкер чөйрөлөрдүн жана мамлекеттик мекемелердин структурасындагы анализ жүргүзүүчү бөлүмдөр;
- Консалтингдик, маалыматтык, эксперттик-анализ жүргүзүүчүлүк, изилдөөчүлүк ишмердигин жүргүзүүчү мамлекеттик, коммерциялык, коммерциялык эмес жана коомдук уюмдар;
- Илимий, ведомстволук жана мамлекеттик эмес анализ жүргүзүүчү уюмдар;
- Массалык маалымат каражаттары.

3.7. «Тарых» 530400 даярдоо багыты боюнча магистрлер кесиптик ишмердиктин төмөнкү түрлөрүнө даярдалат:

- педагогикалык;
- илимий-изилдөөчүлүк;
- маданий-агартуучулук;
- эксперттик-анализ жүргүзүүчүлүк;
- уюштуруучулук-башкаруучулук.

Магистрдин кесиптик ишмердигинин негизги түрлөрү окутуучу, илимий кызматкер, архив, музей, китепкана кызматкери, эксперт жана анализдөөчү, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкер, массалык маалымат каражаттарынын чыгармачыл кызматкери, тарыхый-маданий жана таанытуучу туризм боюнча адис катары иштөө менен байланышкан.

Магистр даярдалып жаткан кесиптик ишмердиктин так түрү жогорку окуу жайы тарабынан тиешелүү кесиптик стандарттын (эгер болсо) негизинде же жогорку окуу жайдын илимий-педагогикалык кызматкерлер жана иш берүүчүлөр бирикмеси менен бирдикте иштеп чыгылат.

3.8. «Тарых» 530400 даярдоо багыты боюнча магистр магистратуранын НББП профилдик багытына жана кесиптик ишмердиктин түрүнө ылайык төмөндөгү кесиптик милдеттерди чечүүгө даярдалууга тийиш:

***Илимий-изилдөө ишинде:***

- магистратуранын НББП профилине ылайык илимий-изилдөө ишин даярдоо жана өткөрүү;
- илимий-изилдөөнүн жыйынтыктарын заманбап дисциплиналар аралык мамиле кылуунун негизинде талдоо жана жалпылоо;
- илимий семинарларды жана конференцияларды даярдоо жана өткөрүү, илимий публикацияларды даярдоо жана түзөтүү;
- магистратуранын НББП профилине ылайык изилдөөчүлүк иште заманбап программалык камсыздоону пайдалануу (анын ичинде тематикалык тармактык ресурстарды, маалымат базаларын жана маалыматтык системаларды иштеп чыгуу максатында);
- изилдөөлөрдүн теориясын, усулдарын жана натыйжаларын сын көз менен баалоо, жаңы билимдерди алуу үчүн дисциплиналар аралык мамилени жана түрдүү илимдердин жетишкендиктеринин интеграциясын пайдалануу;
- өздөштүрүлгөн теорияларды жана концепцияларды жыйноо, баалоо жана интеграциялоо, кесиптик милдеттерди чечүүдө аларды колдонуу чегин аныктоо; изилдөөнүн зарыл болгон усулдарын тандоо, конкреттүү изилдөөнүн милдеттерине жараша колдонулуп жаткан усулдарды өзгөртүү жана жаңыларын иштеп чыгуу;
- өз алдынча жана жеке демилге менен жаңы билимдерди жана жөндөмдүүлүктөрдү табуу жөндөмү;
- белгилүү бир тармакта жана/же тармактардын чегинде прикладдык мүнөздөгү жаңы билимдерди түзүүгө жана ишмердикти өнүктүрүү үчүн зарыл болгон булактарды аныктоого, маалыматты издеп табууга жөндөмдүүлүк;

изилдөөнүн соңку усулдарын жана техникасын пайдалануу менен топтун курамында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, ошондой эле тарых илиминин алкагында прикладдык же изилдөөчүлүк долбоорлорду өз алдынча изилдөө, пландаштыруу, ишке ашыруу жана ыңгайлаштыруу жөндөмдүүлүгү; илимде, техникада жана технологияда, кесиптик чөйрөдө жаңы кубулуштардын социалдык-экономикалык жана маданий натыйжаларын эске алуу менен жаңы идеяларды түзө жана өнүктүрө алуу;

- тарых илиминин өнүгүшүнө жеке оригиналдуу салымын кошуу;
- өзүнүн кесиптик ишмердигине эксперттик баа берүү.

***педагогикалык ишмердикте:***

- тарых курсун жалпы жана кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде окутууда педагогикалык ишмердиктин негиздери билимин иш жүзүндө пайдалануу;
- тарыхый процесстин саясий, социомаданий, экономикалык аспектилерин , адам факторунун, цивилизациялык түзүмдөрдүн ролун талдоо жана түшүндүрүү;
- окуу процессинде заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу;

***уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердикте:***

- уюштурууучулук-башкарууучулук функцияны ишке ашыруу менен байланышкан милдеттерди коюу жана чечүү, аларды ишке ашыруу үчүн үйрөнүлгөн илимдердин усулдарын пайдалануу;
- аткаруучулардын ишин уюштуруу жана оптималдаштыруу, башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу;
- мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан чечим кабыл алуу үчүн талдоо маалыматын (тарыхый контексти эске алуу менен) даярдоо;
- уюштурууучулук-башкарууучулук функцияны ишке ашырууда маалымат базалары жана маалымат системалары менен иштөө;

***маданий-агартуучулук ишмердикте:***

- маданият уюмдарынын жана мекемелеринин (музей, архив) ишмердигинде тарыхый-маданий жана тарыхый-край таануучулук функцияларын аткаруу;

***эксперттик-талдоочулук ишмердикте:***

- маалыматтык-талдоочулук борборлордун, коомдук, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана уюмдардын, маасалык маалымат каражаттарынын ишмердигинде тарыхый жана социалдык-саясий аспектилерин иштеп чыгуу.

## 4. НББПны ишке ашыруунун шарттарына жалпы талаптар.

4.1.1. Жогорку окуу жайлары даярдоонун багыты боюнча негизги НББП өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча МББС негизинде иштелип чыгат жана жож окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

Жождор НББПны илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, Жождо билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөрдө камтылган сунуш-көрсөтмөлөрдү кармануу менен жыл сайын жаңылап турууга милдеттүү:

- - бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялардын иштелмесинде;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоодо, мониторингинде;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү процедураларынын иштелмелеринде;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууда;
- - бардык ишке ашырылуучу билим берүү програмаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууда, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлүндө, мунун ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен катар коюп салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдө;
- коомчулукту өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, пландары, жаңылоолору тууралуу маалымдоодо.

4.1.2. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын учурдагы, мерчемдик жана жыйынтык мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Баалоочу каражаттардын базаларын жож иштеп чыгат жана бекитет.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана структурасына карата талаптар жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктап мамлекеттик аттестациялоо жөнүндөгү жобосун эске алуу менен ЖОЖ тарабынан аныкталат.

4.1.3. НББПны иштеп чыгууда жождун бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн өзү уюштурууну жана системалык-ишмердик мүнөздөгү өз алдынча башкарууну) калыптандыруудагы мүмкүнчүлүктөрү аныкталуусу керек. ЖОЖ өзүнүн социо-маданий чөйрөсүн калыптандырууга, инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.

Жож окуу процессинин студенттик өзүн-өзү башкарууну, магистранттардын коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачыл клубдардын, илимий студенттик коомдордун

ишине катышуусун да камтыган социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө көмөктөш болууга милдеттүү.

4.1.4. Жождун НББПсы магистранттын  тандоосу боюнча диciплинаны камтууга тийиш.  каалоосу боюнча дисциплиналарды түзүүнүн тартибин Жождун окумуштуулар кеңеши аныктайт.

4.1.5. Жож магистранттардын өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

4.1.6. Жож НББПны түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, студенттер тандап алган диciплиналар алар үчүн милдеттүү болуп эсептелинерин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

**4.2. Магистранттын НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттерине жалпы талаптар.**

4.2.1. Магистранттар тандоо боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чектеринде НББПда каралган конкреттүү дисциплинаны тандап алууга укуктуу.

4.2.2. Магистрант өзүнүн жекече билим алуу траекториясын түзүүдө дисциплинаны тандоо жана анын келечектеги даярдыгынын профилине(адистешүүсүнө) тийгизе турган таасири боюнча жождо консультация алууга укуктуу.

4.2.3. НББПны өздөштүрүүдө натыйжалуулукка жетишүү максатында СИЖМКны өнүктүрүү бөлүгүндө магистранттар студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

4.2.4. Студенттер жождун НББПсында алдын ала каралган бардык тапшырмаларды аныкталып белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

4.3. Магистранттын окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен белгиленет.

Жумасына аудиториялык сабактардын күндүзгү окуу формасындагы көлөмүн ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын спецификасын эсепке алуу менен, ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 25%ы чектеринде мамлекеттик билим берүү стандарты аныктайт.

4.4. Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудитордук сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан аз болбошу керек.

4.5. Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүнчүлүгү магистрантка жылына 160 сааттан аз эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

4.6. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзүүсү керек, мунун ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес жана дипломдон кийинки 4 жумалык өргүү да бар.

**5. Магистрлерди даярдоонун НББПсын өздөштүрүүгө коюлуучу талаптар**

«Тарых» 530400  багыты боюнча «магистр» квалификациясын алган бүтүрүүчү негизги билим берүү программасынын максаттарына жана ушул ЖКББ МББСнын 3.4. жана 3.8. пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөндөгү компетенцияларга ээ болушу керек:

***а) универсалдык:***

***жалпы илимий компетенциялар (ЖИК):***

ЖИК-1 – изилдөөлөрдүн теориясын, усулдарын жана натыйжаларын сын көз менен баалоого жана терең түшүнүүгө, жаңы билимдерди алуу үчүн дисциплиналар аралык мамилени пайдаланууга жана түрдүү илимдердин жетишкендиктерин интеграциялоого жөндөмдүү;

ЖИК-2 – өздөштүрүлгөн теорияларды жана концепцияларды жыйноо, баалоо жана интеграциялоо, кесиптик милдеттерди чечүүдө аларды колдонуу чегин аныктоого; изилдөөнүн зарыл болгон усулдарын тандоо, конкреттүү изилдөөнүн милдеттерине жараша колдонулуп жаткан усулдарды өзгөртүү жана жаңыларын иштеп чыгууга жөндөмдүү;

ЖИК-3 – өз алдынча жана жеке демилге менен жаңы билимдерди жана жөндөмдүүлүктөрдү табууга; белгилүү бир тармакта жана/же тармактардын чегинде прикладдык мүнөздөгү жаңы билимдерди түзүүгө жана ишмердикти өнүктүрүү үчүн зарыл болгон булактарды аныктоого, маалыматты издеп табууга жөндөмдүү;

ЖИК-4 – изилдөөнүн соңку усулдарын жана техникасын пайдалануу менен өз алдынча же топтун курамында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, ошондой эле прикладдык же изилдөөчүлүк долбоорлорду өз алдынча изилдөө, пландаштыруу, ишке ашыруу жана ыңгайлаштырууга жөндөмдүү;

ЖИК-5 – илимде, техникада жана технологияда, кесиптик чөйрөдө жаңы кубулуштардын социалдык-экономикалык жана маданий натыйжаларын эске алуу менен жаңы идеяларды түзүүгө жана өнүктүрүүгө жөндөмдүү;

ЖИК-6 – өз кесибинин чөйрөсүндө ишмердикти эксперттик баалоого жөндөмдүү.

***инструменталдык (ИК):***

ИК-1 – өз алдынча жаңы билимдерди жана жөндөмдүүлүктөрдү табууга жана пайдаланууга жөндөмдүү;

ИК-2 – илимий изилдөөнүн жыйынтыктарын элге алып чыгууга оозэки жана жазма кептин өнүккөн көндүмдөрүнө ээ;

ИК-3 – кесиптик баарлашуу деңгээлинде чет тилин билет;

ИК-4 – баарлашуунун бардык чөйрөлөрүндө коммуникациялык (анын ичинде маданияттар жана дисциплиналар аралык) милдеттерди коюуга жана чечүүгө, түрдүү коммуникациялык чөйрөлөрдө маалыматтык алмашуу процесстерин башкарууга жөндөмдүү;

ИК-5 – маалыматтын чоң массивдери менен иштөө көндүмдөрүнө ээ, илимий-изилдөө ишинде заманбап технологиялар менен адистештирилген программалык камсыздоону пайдаланууга жөндөмдүү;

ИК-6 – уюштуручулук-башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга жана алардын натыйжасына баа берүүгө, белгисиз чөйрөнүн тобокелчиликтерин эске алуу менен комплекстүү ишмердиктин планын иштеп чыгууга жөндөмдүү;

***социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК):***

СИЖМ-1 – кесиптик жана социалдык ишмердикте укуктук жана этикалык ченемдерди түзүүгө, таратууга, кесиптик жана социалдык ишмердикте көйгөйлөрдү чечүү үчүн социалдык жана мультимаданий айырмачылыктарды пайдаланууга жөндөмдүү;

СИЖМК-2 – кесиптик жана социалдык ишмердикте жалпы максатты сын көз менен баалоого, аныктоого жана таратууга жөндөмдүү;

СИЖМК-3 – жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарын өнүктүрүүгө, социалдык адилеттүүлүктү камсыздоого, дүйнөгө көз караш, социалдык жана жеке маанилүү көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган демилгелерди көтөрүүгө жана өнүктүрүүгө жөндөмдүү;

СИЖМК-4 – бакубат жашоо ыңгайынын, жаратылышты коргоонун жана ресурстарды рационалдуу пайдалануу ченемдерин таратууга, жеке үлгүсү менен өзүнө тартууга жөндөмдүү;

СИЖМК-5 – коллективди, анын ичинде дисциплиналар аралык долбоорлорду, жетектөөгө жөндөмдүү;

***б) кесиптик (КК):***

***илимий-изилдөө ишмердигинде:***

КК-1 – магистрлик программанын алкагында өздөштүрүлгөн фундаменталдык жана прикладдык дисциплиналардын билимдерин пайдалануу менен илимий-изилдөө иштерин уюштурууга жана жүргүзүүгө жөндөмдүү;

КК-2 – тарыхый изилдөөнүн заманбап методологиялык принциптери менен усулдук ыкмаларын билүүгө жөндөмдүү;

КК-3 – заманбап дисциплиналар аралык мамиленин негизинде илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын талдоого жана жалпылоого жөндөмдүү;

КК-4 – тарыхый изилдөөлөрдө тематикалык тармактык ресурстарды, маалымат базаларын, маалаыматтык-издөө системаларын пайдаланууга жөндөмдүү;

КК-5 – илимий семинарларды, конференцияларды даярдоого жана өткөрүүгө, илимий публикацияларды даярдоого жана түзөтүүгө жөндөмдүү;

КК-6 – өздөштүрүлгөн теорияларды жана концепцияларды жыйноого, баалоого жана интеграциялоого, кесиптик милдеттерди чечүүдө аларды колдонуу чегин аныктоого; изилдөөнүн зарыл болгон усулдарын тандоого, конкреттүү изилдөөнүн милдеттерине жараша колдонулуп жаткан усулдарды өзгөртүүгө жана жаңыларын иштеп чыгууга жөндөмдүү;

КК-7 – өз алдынча жана жеке демилге менен жаңы билимдерди жана жөндөмдүүлүктөрдү табууга жөндөмдүү;

КК-8 – белгилүү бир тармакта жана/же тармактардын чегинде прикладдык мүнөздөгү жаңы билимдерди түзүүгө жана ишмердикти өнүктүрүү үчүн зарыл болгон булактарды аныктоого, маалыматты издеп табууга жөндөмдүү;

КК-9 – изилдөөнүн соңку усулдарын жана техникасын пайдалануу менен өз алдынча же топтун курамында илимий излдөөлөрдү жүргүзө алат, ошондой эле тарых илиминин алкагында прикладдык же изилдөөчүлүк долбоорлорду өз алдынча изилдей алат, пландаштыра, ишке ашыра жана ыңгайлаштыра алат;

КК-10 – илимде, техникада жана технологияда, кесиптик чөйрөдө жаңы кубулуштардын социалдык-экономикалык жана маданий натыйжаларын эске алуу менен жаңы идеяларды түзө жана өнүктүрө алат;

КК-11– тарых илиминин өнүгүшүнө жеке оригиналдуу салымын кошууга жөндөмдүү;

КК-12 – өзүнүн кесиптик чөйрөсүндө эксперттик баа берүүнү жүргүзө алат;

***Педагогикалык ишмердикте:***

КК-13 – тарых курсун жалпы билим берүүчү мектепте (бардык деңгээлдерде), ошондой эле орто атайын жана жогорку билим берген окуу жайларда окутууда педагогикалык ишмердиктин негиздери билимин иш жүзүндө пайдалануу көндүмдөрүнө ээ;

КК-14 – тарыхый өнүгүштүн саясий, социомаданий, экономикалык факторлорун, ошондой эле адам факторунун, цивилизациялык түзүмдөрдүн ролун талдоого жана түшүндүрүүгө жөндөмдүү;

КК-15 – окуу процессинде заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдаланууга жөндөмдүү;

***Уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердикте***:

КК-16 – уюштуруучулук-башкаруучулук функцияны ишке ашыруу менен байланышкан милдеттерди коюуга жана чечүүгө, аларды ишке ашыруу үчүн үйрөнүлгөн илимдердин усулдарын пайдаланууга жөндөмдүү;

КК-17 – аткаруучулардын ишин уюштурууга, негиздүү башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү;

КК-18 – мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан чечим кабыл алуу үчүн талдоо маалыматын даярдоого жөндөмдүү;

КК-19 – уюштуруучулук-башкаруучулук функцияны ишке ашырууда маалымат базаларын жана маалымат системаларын пайдаланууга жөндөмдүү ;

***Маданий-агартуучулук ишмердикте:***

КК-20 – тарыхый-маданий мурас уюмдарынын жана мекемелеринин (музей, архив ж.б.) ишмердигинде тарыхый-маданий жана тарыхый-край таануучулук функцияларын ишке ашырууга жөндөмдүү;

КК-21 – тарыхый-маданий функцияларды ишке ашырууда маалымат базаларын жана маалымат системаларын пайдаланууга жөндөмдүү;

***Эксперттик-талдоочулук ишмердикте:***

КК-22 – маалыматтык-талдоочулук борборлордун, коомдук, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана уюмдардын, маасалык маалымат каражаттарынын ишмердигинде тарыхый жана социалдык-саясий аспектилерин иштеп чыгууга жөндөмдүү;

КК-23 – эксперттик-талдоочулук функцияларды ишке ашырууда маалымат базаларын жана маалымат системаларын пайдаланууга жөндөмдүү;

## 5.2 Магистрлерди даярдоонун НББП түзүмүнө талаптар

Магистрлерди даярдоо НББП түзүмүнө төмөнкү блоктор (таблица) кирет:

1-блок - дисциплиналар (модулдар).

2-блок - практика.

3-блок – мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация.

| **Код** | **Окуу циклдери, бөлүмдөрү жана аларды өздөштүрүүнүн долбоорлонгон натыйжалары** | Сарпталуучу эмгек көлөмү: кредиттер (зачеттук бирдик) | Болжолдуу программаларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын түзүү үчүн дисциплиналардын тизмеси |
|---|---|---|---|
| **Б. 1** | **Жалпы илимий цикл** | **25-30** | |
| | **Базалык бөлүк:** | 10-15 | Илимдин философиясы жана методологиясы<br>Тарыхый изилдөөдөгү жана билим берүүдөгү<br>маалымат<br>технологиясы<br>Кесиптик ишмердүүлүктөгү чет тили |
| | **Вариативдик бөлүк:** | 110-15 | |
| | **Кесиптик цикл** | 40-50 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Базалык бөлүк:** | 16-20 | Азыркы мезгилдеги тарых илиминдеги дисциплиналар аралык багыт;<br>Тарыхый изилдөөлөрдүн актуалдуу маселелелери жана азыркы мезгилдеги абалы;<br>Тарых илиминин тарыхнаамасы;<br>Изилдөө ишмердигинин уюушутруу методикасы. |
| | **Вариативдик бөлүк:** | 25-30 | |
| **Б.2** | **Практикалар** (Практикалык көндүмдөрүн ЖББП иштеп чыгууда аныкталат))<br><br>**Практики** | **30** | |
| **Б.3** | **Жыйынтыктоочу мамолекеттик аттестация** | **10** | |
| | **Жалпы билим берүү программасынын жалпы көлөмү** | **120** | |

Жож мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык магистрди даярдоодогу НББПны иштеп чыгат жана улуттук квалификациянын алкактарына ылайык окутуунун натыйжаларына жетүүгө жоопкерчилик тартат.

Дисциплиналардын (модулдардын) топтомун жана алардын магистрди даярдоодогу НББПнын белгилүү бир блогуна тиешелүү иш жүгүн жож улуттук квалификациянын алкактарында каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аны өздөштүрүүнүн талаптарын эске алуу менен ушул блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча аныктайт.

5.2.1. 2-блок "Практика" окуу практикасын (киришүү, технологиялык, илимий-изилдөө иштери) жана өндүрүштүк (долбоордук, эксплуатациялык, педагогикалык, илимий-изилдөө) практиканы камтыйт.

Жож практиканын бир же бир нече түрүн тандап алууга укуктуу, ошондой эле белгиленген кредиттердин чегинде кошумча практиканын түрүн өткөрө алат.

5.2.2. 3-блок мамлекеттик экзамендерди тапшырууга даярданууну жана тапшырууну, магистрдик диссертацияны даярдоону жана коргоону камтыйт.

5.2.3. Магистрлерди даярдоо үчүн НББП программасынын алкагында милдеттүү жана тандалма бөлүк бөлүнөт.

5.2.2. Блок 3 включает подготовку к сдаче и сдачу государственных экзаменов, выполнение и защиту магистрской диссертации.

5.2.3. Магистрлерди даярдоо НББП алкагында милдеттүү жана тандалма бөлүк каралат.

Жалпы илимий, универсалдуу, социалдык-жеке, жалпы маданий жана кесиптик компетенттүүлүктү калыптандырууну камсыз кылган дисциплиналар жана практикалар

магистрлерди даярдоо үчүн НББПнын милдеттүү бөлүгүнө кирет (улуттук квалификациянын алкактык деңгээлдерин эске алуу менен).

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эсепке албаганда, милдеттүү бөлүктүн көлөмү магистрлерди даярдоо үчүн жалпы билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50 пайызынан ашпашы керек.

Магистрлерди даярдоо үчүн НББП тандоо бөлүгүндө студенттер тийиштүү багытта дисциплиналарды тандай алышат, ошондой эле башка багыттагы магистрлерди даярдоо НББП дисциплиналарды тандоого уруксат берилет.

5.2.4. Университет ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) алардын психологиялык жана дене мүчөлөрүнүн өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, НББП магистрлерди даярдоо үчүн окууга мүмкүнчүлүк бериш керек жана зарыл болгон учурда, бул адамдардын өнүгүүсүнүн бузулушун түзөтүүнү жана социалдык ыңгайлашуусун камсыз кылуучу программага кошууга тийиш.

**5.3.Магистрды даярдоонун НББП ишке ашыруунун шарттарына карата талаптар.**

**5.3.1.Окуу процессин кадрдык камсыз кылуу.**

Магистрлерди даярдоонун негизги билим берүү программасын ишке ашыруу квалификациялуу педагогикалык кадрлар тарабынан жүргүзүлүшү керек, кандидаттык же дисциплиналардын 60%ы илимдин кандидаттары жана докторлору тарабынан окулууга тийиш.

Магистрлик программанын илимий мазмунуна жана билим берүү бөлүгүнө жалпы жетекчиликти профессор же илимдин доктору ишке ашырууга тийиш; бир профессор же илимдин доктору экиден ашпаган магистрлик программага жетекчилик кыла алат; ЖОЖ окумуштуулар кеңешинин чечими менен магистрлик программаны доцент окумуштуулук наамы бар илимдин кандидаты жетектей алат.

Магистранттарга түздөн-түз жетекчиликти илимий даражасы жана (же) окумуштуулук наамы бар же бул жаатта жетекчилик тажрыйбасы бар илимий жетекчи ишке ашырат; бир илимий жетекчи 3төн ашпаган магистрантка жетекчилик кыла алат (жож окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталат).

**5.3.2.Окуу процессин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы.**

Магистрлерди даярдоонун негизги билим берүүчү программасын ишке ашыруу үчүн ар бир магистрантка НББП каралган дисциплиналардын толук тизмеси (модуль) боюнча түзүлгөн маалымат базалары жана китепкана фонду жеткиликтүү болууга тийиш.

Магистранттар үчүн атамекендик жана чет өлкөлүк жождор, ишкана жана уюмдар менен ыкчам маалымат алмашуу мүмкүнчүлүгү камсыз кылынууга тийиш.

ЖОЖ билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык иштерди (калыптандырылуучу компетенцияларды эске алуу менен аныкталат) камтууга тийиш.

Ар бир магистрант кесиптик циклге ылайык келген 6 аталыштан кем эмес ЖАК тизмесине кирген атамекендик журналдардан жана 15 аталыштан кем эмес чет өлкөлүк журналдардан түзүлгөн китепкана фонду (басма же электрондук, анын ичинде электрондук жазылып алуу боюнча) менен камсыз болууга тийиш.

**5.3.3. Окуу процессин материалдык-техникалык камсыздоо:**

Магистрди даярдоонун негизги билим берүү программасын ишке ашыруучу ЖОЖ лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттердин ЖОЖдун окуу планында каралган жана да аракеттеги санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен нормаларга ылайык келчү практикалык жана илимий-изилдөөчүлүк иштеринин бардык түрлөрүн жүргүзүүнү, же магистрлерди натыйжалуу илимий-практикалык даярдоону камсыз кылуучу базаларды түзүп бере турган ИИИ менен,

ишканалар менен туруктуу байланышты камсыз кылуучу материалдык-техникалык базасы болуусу керек.

**5.3.4. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо.**

5.3.4.1. Жогорку окуу жайы окутуунун сапатын кепилдик берүүгө милдеттүү, анын ичинде:

- иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн тартуу менен бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу стратегиясын иштеп чыгуу;
- мониторинг, билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен карап чыгуу;
- магистранттардын билим деңгээлин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүгүн баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуу;
- профессордук-окутуучулар курамынын компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;
- ишмердүүлүктү (стратегияны) баалоонун макулдашылган критерийлерине ылайык өзүн-өзү текшерүү жана иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн тартуу менен башка окуу жайлары менен салыштыруу;
- өз ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары, пландар, инновациялар жөнүндө коомчулукка маалымат берүү.

Магистратуранын НББП нын программасын өздөштүрүү сапатына баа берүү прогресстин үзгүлтүксүз мониторингин, студенттерди аралык аттестациялоону жана бүтүрүүчүлөрдү акыркы мамлекеттик аттестациялоону камтышы керек.

5.3.4.2. Ар бир дисциплина боюнча магистранттардын учурдагы жетишкендиктерин көзөмөлдөө жана мерчемдик аттестациялоонун так формалары жана жол-жоболору жож тарабынан өз алдынча иштелип чыгылат жана жана окуунун биринчи айында окуп жаткандарга маалымат берилет.

5.3.4.3. Окуп жаткандардын жеке жетишкендиктерин магистратуранын НББПда каралган ар бир этапка тиешелүү талаптарга ылайык келишин тастыктоо үчүн (учурдагы жана мерчемдик аттестация) билимди, көндүмдөрдү жана алган билимдердин деңгээлин баалоого мүмкүндүк берген тапшырмаларды, текшерүү иштерин, тесттерди жана көзөмөл усулдарын камтыган баалоо каражаттарынын фонду түзүлөт. Баалоо фонду жож тарабынан иштелип чыгылат жана бекитилет.

Баалоо фонду бул багыттагы даярдоодонун ЖКББ МББС толук жана адекваттуу чагылдырууга тийиш, магистратуранын НББПнын максаттарына жана милдеттерине жана анын окуу планына ылайык келиши керек. Алар бүтүрүүчү тарабынан алынган жалпы маданий жана кесиптик компетенттүүлүктүн сапатын баалоону камсыз кылууга тийиш.

Модулдарды, дисциплиналарды үйрөнүүнүн жана практикадан өтүүнүн сапатын көзөмөлдөөнүн баалоо каражаттарын иштеп чыгууда билимдин, жөндөмдүн жана көндүмдүн ортосундагы байланыштын бардык түрлөрү эске алынышы керек, бул студенттерде калыптанган компетенттүүлүктүн сапатын иш-аракеттердин түрүнө жана бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш-аракеттерге жалпы даярдыгынын деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет.

Баалоо каражаттарын долбоорлоодо окуп жаткандардын чыгармачылык жигердүүлүгүн, так атайын билимдердин жетишсиздиги жана кесиптик жөрөм-турумдун жалпы кабыл алынган алгоритминин жоктугу менен байланышкан жаңы көйгөйлөрдү чечүүгө изденүүгө даярдыгын баалоону кароо зарыл.

Жеке баалоодон тышкары, топтук жана өз ара баалоолорду колдонуу керек: магистранттар бири-биринин ишине сын-пикир берүүсү; магистранттардын рефераттарга, долбоорлорго, дипломдук, изилдөөчүлүк иштерге оппонент болуусу; магистрлерден, окутуучулардан жана иш берүүчүлөрдөн түзүлгөн топтордун эксперттик баа берүүлөрү.

5.3.4.4. Окуп жаткандарга, иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүнө окуу процессинин мазмунун, уюштурулушун жана сапатын, ошондой эле айрым мугалимдердин ишин баалоо мүмкүнчүлүгү берилиши керек.

5.3.4.5. ЖОЖ магистрлердин компетенцияларын баалоо жана көзөмөлдөө системасын алардын келечектеги кесиптик ишинин шарттарына максималдуу жакындаштыруу үчүн шарттарды түзүшү керек. Бул максатта белгилүү бир дисциплинанын окутуучуларынан тышкары, иш берүүчүлөр (кызыккан ишканалардын, изилдөө институттарынын, фирмалардын өкүлдөрү), чектеш дисциплиналарды окуган окутуучулар тышкы эксперт катары жигердүү пайдаланылышы керек.

5.3.4.6. Акыркы мамлекеттик аттестация бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыгы деңгээлинин ЖКББ МББСна ылайык келишин аныктоого багытталган.

Акыркы мамлекеттик аттестацияга магистрдык диссертацияны коргоо, ошондой эле жож илимий кеңешинин чечими менен белгиленген мамлекеттик экзамен кирет.

5.3.4.7. Бүтүрүүчү квалификациялык иштин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө коюлуучу талаптар, ошондой эле мамлекеттик сынакка кирүүчү дисциплиналардын тизмеси жогорку окуу жайы тарабынан түзүлөт.

Бүтүрүүчү квалификациялык иш магистратуранын НББП ылайык практика жана илимий изилдөө мезгилинде магистрдик диссертация түрүндө жүзөгө ашырылат жана ал магистр даярдалып жаткан иштин түрүнүн (түрлөрүнүн): илимий-изилдөө, илимий-педагогикалык, долбоорлоо, тажрыйбалык, тажрыйбалык-конструкторлук, технологиялык, аткаруучулук, чыгармачылык) милдеттерин чечүү менен байланышкан өз алдынча жана логикалык жактан аяктаган бүтүрүүчү квалификациялык иш болот.

Магистрдик диссертациянын темасы кесиптик маселелерди чечүүгө багытталышы керек:

- тарыхый процесстерди жана алардын өз ара байланышын талдоо, Батыш (Европа жана Америка) жана Чыгыш (Азия жана Африка) өлкөлөрүнүн өнүгүшүнүн жеке жана универсалдуу мыйзамченемдүүлүктөрүн тарыхый булактарды жана адабияттарды милдеттүү түрдө тартуу менен изилдөө;
- изилдеп жаткан маселенин мазмунун, анын тарыхый таанып билүүдөгү орду менен маанисин аныктай билүү;
- изилдөөнүн максаты жана милдеттерин кое билүү, изилдөөчү гипотезаларды алып чыгуу жана негиздей алуу жөндөмү;
- өз алдынча изилдөө ишинин планын түзүү көндүмү; өзүн өзү көзөмөлдөөнүн натыйжалуу формаларын тандоо жана мерчемдик этаптарын аныктоо;
- заманбап маалыматтык технологияларды пайдалануу менен библиографиялык ишти жүргүзүү көндүмү;
- бир багыттагы изилдөөнүн милдеттерине жараша изилдөөнүн зарыл болгон усулдарын тандай алуу, колдонуудагы усулдарды өзгөртүү жана жаңыларын иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгү;
- алынган натыйжаларды өз алдынча иштеп чыгуу, аларды талдоо жана маңызын ачуу көндүмү;
- жасалган иштин натыйжаларын отчет, реферат түрүндө жазуу көндүмү.

Бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткарууда магистранттар тереңдетилген билимге, көндүмдөргө жана жалпы маданий жана кесиптик компетенттүүлүккө таянып, кесиптик ишмердүүлүгүнүн көйгөйлөрүн заманбап деңгээлде өз алдынча чечип, атайын маалыматты кесипкөй катары баяндоого, өз көз карашын илимий далилдерди келтирүү менен коргоо жөндөмүн көрсөтүшү керек.

5.3.4.8. Мамлекеттик экзамендердин программасы жож тарабынан өз алдынча иштелип чыгат. Магистранттын компетенттүүлүгүн объективдүү баалоо үчүн, экзамендин суроолору жана тапшырмалары комплекстүү жана конкреттүү компетенцияны калыптандырган түрдүү окуу циклдеринин тандалган бөлүмдөрүнө дал келиши керек.

Ж. Баласагын атындагы КУУнун

алдындагы КР ББжИМнин ОМБнин төрагасы **Темиров Б.К.**

**Түзүүчүлөр:**

| | |
|---|---|
| Ж. Баласагын атындагы КУУнун<br>Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин деканы<br>т.и.к., профессор | Сырдыбаев Т.Т |
| Ж. Баласагын атындагы КУУнун<br>“Чөлкөм таануу жана кыргыз таануу<br>Кафедрасынын башчысы, профессор, т.и.к | Омурова Ж.О. |
| Ж. Баласагын атындагы КУУнун<br>«Жалпы тарых» кафедрасынын доценти, т.и.к. | Момошева Н.К. |
| Ж. Баласагын атындагы КУУнун<br>Археология, этнология, булак таануу жана<br>тарыхнаама кафедрасынын доценти, т.и.к. | Эралиев С.Н. |
| И. Арабаев атындагы КМУнун проф., т.и.д. | Усупова Н.С. |
| Кыргыз улуттук тарых музейинин мүдүрү,<br>э.и.к. | Алмакучкуов К. М. |
| КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо Кызматына<br>караштуу Архивдик агентствонун мүдүрү | Алыбаева М.А. |
| КР УИАнын XX-XXI кк. Кыргызстан тарыхы<br>бөлүмүнүн башчысы, т.и.к. | Кубатова А. |
| «Манас» атындагы КТУнин<br>доценти, т.и.к. | Табалдиев К.Ш. |
| Ж. Баласагын атындагы КУУнун<br>«Жалпы тарых» кафедрасынын доценти, т.и.к. | Жалиева Б.С. |
| И. Арабаев атындагы КМУнун<br>Чөлкөм таануу кафедрасынын башчысы,<br>PhD | Абалова Н.Ж. |